**Каралды:**
**Педагогикалык кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

## № 94 ЖОББ мектебинин укук коргоо органдары менен кызматташуу тууралуу ЖОБО

**1.Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо № 94 ЖОББ мектебинин укук коргоо органдары менен өз ара иштөө тартибин жана укук бузууну алдын алуу боюнча тараптардын милдеттерин жана укугун аныктайт;

1.2. Иштин максаты:

-коррупцияны жана укук бузууну пайда кылган себептертерди жана шарттарды аныктоо жана четтетүү ;

- № 94 ЖОББМ да укук бузууларды, тобокелдиктерди азайтуу :
- коррупцияга каршы үгүттөө жана билим берүү;
- мектептин ишин өнүктүрүү максатында, коррупцияга каршы күрөшүү маселелери боюнча укук коргоо органдары менен кызматташу уюштуруу;

1.3. Мектептин кызматкерлерине коррупциялык жана укук бузуу маселелери боюнча укук коргоо органдары тарабынан маалымат берүүнү уюштуруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн бирдиктүү тутумду түзүү ;

1.4. Тараптар өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде ишке ашырышат.

1.5. Бул жобо билим берүү мекемесинин буйругу менен бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

**2. Өз ара кызматташуунун тартиби.**

2.1. № 94 ЖОББ мектеби тиешелүү укук коргоо органдарына мектеп ичиндеги кызматкерлерге жана окуучуларга байланыштуу укук бузууларды жана коррупциялык иштер жасалгандыгы белгилүү болгондо ал боюнча кабарлоо милдетин өзүнө алат.

2.2. № 94 мектебинин жетекчилиги жана анын кызматкерлери укук бузуулар жөнүндө маалыматтарды камтыган документтерди жана маалыматтарды укук коргоо органдарына өткөрүп берүүгө жана укук коргоо органдары тарабынан аныктоону жана иликтөөнү колдоого милдеттенет.

**3. Өз ара кызматташуунун формалары.**

3.1. Мектептин окуучуларынын, кызматкерлеринин арасында укук бузуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү маселелери боюнча көзөмөлдөө жана укук коргоо органынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жардам көрсөтүү
3.2. Укук коргоо органдарынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жардам көрсөтүү, коррупцияны басуу же төргө чараларын жүргүзүүдө мектептеги укук бузууну, кылмыштуулукту алдын-алуу, анын ичинде ыкчам-издөө иш-аракеттерин жүргүзүүгө көмөктөшүү.

**4. Өзгөртүүлөрдү киргизүү.**

4.1. Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү укук коргоо органдарынын макулдугу менен билим берүү уюмунун чечими аркылуу жүргүзүлөт.